КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

МЭРИЯ ГОРОДА ОШ

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

20 23 -жылдын " 31 " октябрь, № 1013

**"Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгү жөнүндө**

"Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу, сапаттуу кызмат көрсөтүүсүн жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 17, 18, 44, 45-беренелерин, "Ош шаарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, Ош шаарынын мэриясынын Коллегиясы **токтом кылат**:

1. Ош шаарынын мэринин орун басары С.К. Джунусбаевдин "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматы эске алынсын.

2. "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасынын 2023-жылдын 9 (тогуз) айында аткарган иштери "канааттандыраарлык" деп белгиленсин, ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу багытында мындан ары кечиктирилгис чараларды көрүү милдеттендирилсин.

3. "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасына (А.К. Большевиков):

- ишканадагы кадрдык туруктуулукту камсыз кылуу, алмашуулардын алдын алуу үчүн эмгек акыны жогорулатуу, ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында иш алып барсын;

- ишкананын атайын эсебиндеги каражаттардын көлөмүн көбөйтүү жана бул багытта натыйжа берүүчү иш-мерчемдерди иштеп чыксын;

-ишкананын тейлөөсүндөгү парктардын, скверлердин ички жана сырткы тазалыгын камсыз кылууну камсыз кылсын;

- эскилиги жетип жараксыз абалга келип калган ишкананын ыкчам пайдалануусундагы техникаларды жаңылоо боюнча зарыл болгон чараларды көрсүн;

- Ош шаарында жергиликтүү бюджеттин жана гранттык долбоорлордун эсебинен бүткөрүлүп жаткан жаңы курулуш обьектилеринин жашыл аймактарын тейлөө үчүн керектелип жаткан кошумча штаттык бирдиктер боюнча сунуш берсин;

- кооптуу абалды жоюу, санитардык тазалоо иштерин жүргүзүү максатында, эскилиги жеткен бак дарактарды муниципалдык аймактык башкармалыктар менен биргеликте алып салуу иштерин жүргүзсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Ош шаарынын мэриясынын, Ош шаардык Кеңешинин чечимдеринин, протоколдук тапшырмаларынын жана жогорку органдардын чечимдеринин ишкана тарабынан кынтыксыз аткарылышы камсыз кылынсын жана бул багытта аткарылган иштерде "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасынын директору А.К. Большевиковдун жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин орун басары С.К. Джунусбаевге жана Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси А.Кубатбек уулуна жүктөлсүн.

Мэр Б.Ж. Жетигенов

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА МЭРИЯ ГОРОДА ОШ ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ КОНТРОЛЯ ИНН 00508200210109